УДК 881.512.154:398.5
DOI: 10.36979/1694-500X-2022-22-2-75-78

## КЫРГЫЗСКИЙ ЯЗЫК – ЭТО ЯЗЫК МАНАСА

***С.А. Конгайтиева***

*Аннотация.* Рассматриваются проблемы развития кыргызского языка (языка великого богатыря Манаса) в условиях изменения государственной структуры и социально-экономической ситуации современного общества. В связи с принятием решения об обязательном изучении предмета “Манасоведение” в высших учебных заведениях в Закон “О государственном языке” были внесены изменения, касающиеся стандартов обучения кыргызского языка как государственного, и манасоведения как незаменимого духовного и культурного наследия кыргызов. В статье особое внимание уделено развитию кыргызского языка, его недостаткам и достижениям, значению эпоса “Манас” и вкладу великого писателя Чингиза Айтматова в дело развития национального языка. В конце статьи даны практические рекомендации.

*Ключевые слова:* национальный язык; эпос; родина; “Манас”; патриот; суверенитет; гражданство; национальные ценности; ценности.

## КЫРГЫЗ ТИЛИ – МАНАСТЫН ТИЛИ

***С.А. Конгайтиева***

*Аннотация.* Бул макалада мамлекеттик түзүлүштүн өзгөрүшүнүн жана азыркы коомдун социалдык-экономикалык абалынын шартында улуу Манас баатырдын тили болгон кыргыз тилин өнүктүрүү маселелери каралат. Жогорку окуу жайларында “Манас таануу” предметин милдеттүү түрдө окутуу жөнүндө” чечимдин кабыл алынганына байланыштуу, “Мамлекеттик тил жөнүндө” Мыйзамга кыргыз тилин мамлекеттик тил катары окутуунун стандарттары жана Манас таанууну кыргыздардын ажырагыс руханий жана маданий мурасы катары таануу боюнча өзгөртүүлөр киргизилди. Макалада кыргыз тилинин өнүгүшүнө, анын кемчиликтери менен жетишкендиктерине, “Манас” эпосунун маанисине жана улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун улуттук тилди өнүктүрүүгө кошкон салымына өзгөчө көңүл бурулган. Макаланын аягында практикалык сунуштар берилди.

*Түйүндүү сөздөр:* улуттук тил; эпос; мекен; “Манас”; мекенчил; эгемендүүлүк; жарандык; улуттук баалуулуктар; нарк-насил.

## KYRGYZ LANGUAGE IS THE LANGUAGE OF MANAS

***S.A. Kongaitieva***

*Abstract.* This article is devoted to the actual problems of the Kyrgyz language in the context of changes in the state structure and the socio-economic environment of modern society, where the development and improvement of the Kyrgyz language is an acute issue – as the language of the great hero Manas. On the basis of the decision on the compulsory study of the subject “Manas studies” in higher educational institutions, and in accordance with the law on the state language, enough changes have taken place so that the standard for teaching the Kyrgyz language as the state language, and Manas studies as an indispensable spiritual and cultural heritage for the Kyrgyz, set specific learning goals in educational institutions. The article focuses on the development of the Kyrgyz language, its shortcomings and achievements, the meaning of the Manas epic and the contribution of the great writer Chingiz Aitmatov to the development of the national language. Practical recommendations are given at the end of the article.

*Keywords:* national language; epic; homeland; Manas; patriot; sovereignty; citizenship; national values; values.

Азыркы кезде улуттук тилибизди, башкача айтканда кыргыз тилибизди, сактап калуу, ошондой эле “Манас таануу” сабагын окутуу эң бир актуалдуу маселелердин бири десек жаңылышпайбыз. Себеби “Кулаалы тап-тап куш кылдым, Курама жыйып журт кылдым”, – деп Манас бабабыз айткандай, ушул күндө эгемендүү көз карандысыз мамлекетте

жашоо укугубузду, Манас бабабыз түптөп кеткендиги баарыбызга маалым. Ошол эле кыргыз тилибиз “Манас” айтуучуларыбыз аркылуу кылымдардан кылымдарды карытып, жоголуп кетпей, тескерисинче, ооздон оозго өтүп, өзүнүн актуалдуулугун жоготпой келечек муунду Мекенди сүйүүнүн, Ата Мекенди коргоонун, улут аралык мамилелерди чыңдоонун негизги каражатына айланды.

“Бөлүнбө, кыргыз, бөлүнбө,
Бөлүнсөң бөрү жеп кетет.
Бөлүнүп кетти кыргыз деп,

Бөлөк элге кеп кетет”, – деген Бакай бабабыздын нускалуу сөздөрү, азыркы кездеги түндүк-түштүк болуп, бийлик талашкан атка минерлердин бөлүнүүсүнө, күн сайын ички миграциянын өсүшүнө бөгөт койгон идея.

Улуттук дөөлөттөрдүн туу чокусу болгон кыргыз тили эне сүтү менен берилип, кыргызымдын алмустактан бери келе жаткан оймурастарын, тарыхын, каада-салтын, нарк-насилин чокуга көтөрүп, улутумдун өзөгүн түзүүдө. ”Дүйнөлүк шедевр” деп аталган “Манас” эпосун айттырган улуу тилдин кудурет-күчүн, нарктуулугун баалап-барктап келебиз. Дүйнө элдери “Манас” эпосуна кызыгуу жаратып, өз тилдерине которуп, күндөлүк турмушта пайдалануусу, кыргыз элинин “Манастай” чыгармасы бар экендигин билишти [1].

Өткөн тарыхыбызга кайрылсак, 1995-жылы “Манастын” 1000 жылдыгын өзүнүн мекени Таласта чоң салтанат менен белгиленгени “Манасты” дагы бир жолу дүйнөгө дүңгүрөттү. Бул салтанатты уюштуруп, аны өткөрүүдө маркум Чыңгыз Айтматовдун салымы өтө зор. Бул иш-чаранын өтүүсү улуттук тилди өркүндөтүү, жайылтуудагы, даңазалоодогу жакшы саамалык.

Тил – улуттун улут экенин далилдеп турган эң башкы касиет. Ошондуктан ар дайым эне тилибиздин келечегине кам көрүп, баалап, барктап, тикебизден-тик туруп коргоп, тынымсыз өнүктүрүп, ар бир кыргыз жараны сөзсүз түрдө төрт сап “Манас” эпосунан үзүндүнү жатка айтып берүүсү – “мен кыргызмын“ деген атуулдук ыйык парзы [2].

Кыргызстанда жашаган 80ден ашык этностордун өкүлдөрү кыргыз тилин өз тилиндей көрүп, жүрөгүнө акырындык менен муктаждык жаратып, акыл-эстүү тил саясатын жүргүзүп, улуттар аралык мамилени бекемдеп, коомдогу стабилдүүлүктү сактап, анын өнүгүшүнө ыңгайлуу шарт түзүүсү керек.

Ал эми мамлекеттик деңгээлде тилди көтөрүү үчүн эң биринчи мекенчил болуу керек, элин сүйүү, каада-салтты сыйлоо, эң башкысы – улуттук идеялогиянын өзөгүн түзүү зарыл. Эгемендүүлүктү алгандан бери отуз жыл өтсө дагы, улуттук идеологияны негиздей албай жатабыз. Кагаз жүзүндө улуттук идеология жөнүндө көп пикир-сунуштар айтылды, жазылды, бирок иш жүзүндө аткарылган жок. Аны тана албайбыз. Себеби мамлекетибизде улам-улам бийлик алмашып, туруктуулук жок [3].

Мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө улуу гуманист-жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдой жан үрөп кызмат кылышыбыз керек. Кылымдарды карыткан кыргыздардын бай тили, улуу тили СССРдин курамында турганда тиешелүү макамын ала албай, көмүскөдө калып келген. 80-жылдардын аягында “Мамлекеттик тил” Мыйзамынын кабыл алынышына залкар жазуучу Ч. Айтматовдун ролу абдан зор болгон.

1987-жылы республикалык илимий-практикалык конференциядагы баяндамасында: ”Тил – бул ар бир адамдын каны, жаны. Тил – элдин тажрыйбасынын, дүйнө таануусунун, маданиятынын, тарыхынын ашташуусу. Акырында тил – улуттун кубанса – кубанычы, кайгырса – кайгысы жана акыл-эси”, – деп эне тилдин баалулугу жөнүндө негиздүү илимий баяндама жасаган [4].

Ошентип, тил саясаты чөйрөсүндөгү реформанын башталышы менен 1989-жылы 23-сентябрында “Кыргыз ССРинин мамлекеттик тили жөнүндө” Мыйзамы кабыл алынган, анын авторлору жаштар болгон. Ал кезде ушунчалык жаштардын толкуну күчтүү болгон. Керек болсо, ошол мезгилде окуудан чыгара албай калган деңгээлге жеткен. “Ошол учурда мамлекет башчыбыз ошол духу күчтүү элдин демин колдонуп кеткенде, мамлекет өнүгүү жолуна түшүп кетмек”, – дейт коомдук ишмер Алмаз Кулматов. Эгемендүүлүктү алгандан кийин өлкөгө базар

экономикасынын кириши, саясий оюндар, элдин шаабайын бир топ эле суутту. Азыркы учурда да жаштардын жогоркудай духу болушу зарыл.

“Кыргыз деп келдим дүйнөгө,

Кыргыз деп өтөм дүйнөдөн!” – деп маркум кыргыз элинин атактуу патриот акыны Байдылда Сарногоев айткандай, ар бир кыргыз жараны “кыргызмын” деген курч сезимден эч качан тайбаш керек. СССР убагында жазган ыры азыркы учурдагы чала сүйлөгөн “киргиздерге” чакырык, ураан катары актуалдуулугун аныктайт.

Дүйнөдө канча деген улуттар тил мыйзамы жок улут болуу макамынан ажырап отурушат. “Элди эл кылып турган – анын эне тили”, – деп улуу калемгерибиз Чыңгыз айткандай, тил – бир адамдын жашоодогу негизги мүмкүнчүлүгү гана эмес, бир улуттун башкы байлыгы. Бирок азыркы учурда мамлекеттик тилде сүйлөө, жазуу, колдонуу абалы биз күткөн деңгээлде болбой жатат. Менимче, мамлекеттик деңгээлде, бийлик тарабынан катуу талап жана тартип керек. Кыргыз тили менен “Манас“ эпосун бөлүп кароого болбойт. ”Манас” эпосундай дүйнөдө теңдешсиз көркөм дөөлөттү жараткан кыргыз эли эне тили менен сыймыктанат. Ал улам кийинки муундун жан дүйнөсүн жаңыртып, өз элинин улуу руханий баалуулуктарын барктап-баалоого өбөлгө түзөт [5].

Улуттук тилди өркүндөтүү, аны турмушка ашырууда көп эле токтомдор токулуп, буйруктар окулуп, бирок иш жүзүндө талапка жооп берерлик иш жүргөн жок. Белгилеп кетсек, башканы айтпайлы, жетекчилер, министрлер, депутаттар кыргыз тилин жерип орусча сүйлөшөт. ЖОЖдордо дарстар орусча өтүлөт [6]. Кыргыз тилинде окуу куралдары, китептер жетишсиз, бала-бакчаларда окуу-тарбия иштери, мекеме-ишканаларда иш-чаралар толук кыргыз тилинде өтпөйт, орус тилинде жүргүзүлөт. Анан кантип биздин тилибиз өнүгөт. Эгер жаңылбасам, 2018-жылдын кыш айларында телевизордон Казакстандын экс-президенти Нурсултан Назарбаев Тараз шаарына атайын эл менен жолугушууга барып, бала-бакчанын башчылары менен жолугушуп, бала-бакчадан баштап окуу-тарбия ишин казакча жүргүзгүлө, бул кичине балдар келечектеги казак элинин ээлери. ”Мен казакмын”, – деп сүйлөгөнгө үйрөткүлө деген сөзүн угуп, ушунчалык мекенчил экендигине таң бердим.

Мына чыныгы өз элинин патриоту, түбөлүккө улутун сактап калуунун камын ойлоп, мамлекетинин келечегине кам көрүп, ойлоп жатат.

Эне тилибиз – улуу кыргыз элин бириктирип, сактап келе жаткан таандык белгибиз.

“Кыргызды Манас сактаган,

Кыргызды Чыңгыз даңктаган!” – деген ыр саптарынын философиясы өтө терең. “Манас” дастанын залкар жазуучу Чыңгыз Айтматов баштаган жазуучуларыбыздын чыгармаларын, элдик оозеки чыгармаларды, жалпы эле кыргыз тарыхын, маданиятын, рухун түп тамырына чейин сезебиз десек, анда аны бир гана кыргыз тили аркылуу сезишибиз керек. Залкар акындардай жакшы ыр жарата албасам да, кыргыз жараны катары кыргыз тили боюнча жан дүйнөмдөн жаралган ыр саптарымды жарыялап коюуну туура таптым. Мазмунуна окурмандар баа берер:

Эне тилин сыйласак, өчпөй турган из калар,
Эне тилим каным менен айланып,
Жүрөгүмдө жашайт дайым түбөлүк.
“Кыргызмын”! – деп ар-намысты сактасак,
Эне тилде таптак сүйлөп жүрөлүк.

Оо, кыргыздар! Эне тилди сыйлайлы,
Эне тилге кайдыгерлик кылбайлы.
Ойлон, кыргыз! Өз тилиңди өркүндөт,
Дилибизди башка дилге бурбайлы.

Улутуңду сактап келген эне тил,
Эр Манасты даңктап келген эне тил.
Башка улуттун тилин сүйлөп мактанба,
Жоготпостон өз тилиңди сактай бил.

Кылымдардан кылымдарга улутту,
“Манас” айтып, сактап келген бабалар.
Ыйык тутуп , эне тилди сыйласак,
Урпактарга өчпөй турган из калар!

Жогорудагы жагдайларды эске алып, улуттук тил гана маданий жана руханий дөлөттөрдү өнүктүрө аларын баса белгилейбиз. Ошондой эле мамлекеттик денгээлде тиешелүү мекемелер кыргыз тилине арналган алгылыктуу

программаларды иштеп чыгып, ишке ашыруусу зарыл. Практикалык ишке ашыруу механизмдери манилүү ролду ойнойт. Ошондой эле кыргыз тилин өнүктүрүү иштеринде ар бир жаран өз салымын кошуусу зарыл. Автор төмөндөгүдөй сунуштарды келтирет:.

- биринчиден, "үй-бүлө тарбиянын башаты" – алгач ата-энелер, үй-бүлө мүчөлөрү кичинекей балдар менен эне тилде баарлашуусу керек;
- экинчиден, балдарды кыргыз мектептеринде окутуу же орус тилдүү мектептерде кыргыз тилине чоң маани берүү керек;
- үчүнчүдөн, ЖОЖдорго кыргыз тилинин кредитин жогорулатуу, ошондой эле айрым башка гуманитардык дисциплиналарды мамлекеттик тилде окутуу иштери;
- төртүнчүдөн, жетекчилер кеңешмелерди, жыйналыштарды кыргыз тилинде өтүүсү;
- бешинчиден, иш кагаздар кыргыз тилинде жүргүзүлүүсү керек;
- алтынчыдан, республикада жашаган кыргыздар эмес, башка улуттардын өкүлдөрүнүн да кыргыз тилине жоопкерчиликтүү мамиле жасоосу аркылуу ишке ашырылат;
- жетинчиден, патриот болуу керек, ал Ата Мекенди, Ала-Тоону сүйүү жана эне тилди сүйүү үчилтигинин ажырагыс бир бүтүндүгү.

Поступила: 14.01.22; рецензирована: 28.01.22; принята: 31.01.22.

***Адабияттар***

1. *Сарыгулов Д.И.* Кыргыз көчү / Д.И. Сарыгулов. Бишкек, 2017. 255-б.
2. *Конгайтиева С.А.* Тил – улуттун жан дүйнөсү. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы / С.А. Конгайтиева. Бишкек, 2009. № 11. 13–19-бб.
3. *Дербишева З.* Языковая политика и языковая ситуация в Кыргызстане / З. Дербишева // Журнал общенациональных исследований. 2019. № 59. С. 49–58.
4. *Конгайтиева З.А.* Жеңижок жана кыргыз руху / З.А. Конгайтиева. Бишкек: Эркин-Тоо. 2008. 227-б.
5. *Айтматов Ч.* Тил – улуттун кубанса – кубанычы, кайгырса – кайгысы жана акыл-эси / Ч. Айтматов // Кыргыз тили. 2008. 27–32-бб.
6. *Токтоналиев К.Т.* Мамлекеттик тилдин проблемалары / К.Т. Токтоналиев. Эл агартуу журналы. 2017. № 34. 37-б.